Grant Thornton

# Көз карандысыз аудитордун отчету

ОсОО Грант Торнтон

КР, 720001 Бишкек,
ул. Токтогула 125/1
Т. +996 312 97 94 90,
Ф. +996 312 97 94 91
Grant Thornton LLC
125/1 Toktogul Str.
720001 Bishkek, KR
T + 996 312 97 94 90
F + 996 312 97 94 91
www.grantthornton.kg

**Микрокредиттик компания «Аманат Кредит» ЖЧКсынын уюштуруучуларына**

***Ой-пикир***

Биз, Микрокредиттик компания «Аманат Кредит» жоопкерчилиги чектелген коомунун (мындан ары текст боюнча - Компания) 2024-жылдын 31-декабрына карата финансылык абал боюнча отчеттон, түшкөн пайда жана кеткен чыгым, чогуу алгандагы киреше отчетунан, өздүк капиталдагы өзгөрүүлөр отчетунан жана жогоруда көрсөтүлгөн күнү бүткөн жыл ичинде акча каражаттарынын жылышы боюнча отчеттон турган финансылык отчетуна аудит жүргүзүп, ошондой эле эсепке алуу саясатынын негизги жоболору боюнча кыскача чечмеленген түшүндүрмөлөрдү камтыган финансылык отчетко карата түшүндүрмөлөр менен таанышып чыктык.

Кароого сунушталган финансылык отчет биздин пикирибиз боюнча Компаниянын 2024-жылдын 31-декабрына карата финансылык абалынын бардык олуттуу аспектилерин, ошондой эле Финансылык отчеттордун эл аралык стандарттарынын (ФОЭС) талабына ылайык, белгиленген күнү жыйынтыкталган жылдын финансылык натыйжасын жана акча каражаттарынын жылышын так чагылдырат.

***Ой-пикирди билдирүү үчүн негиздер***

Биз аудитордун текшерүүнү Аудиттин эл аралык стандарттарына жана Улуттук банк Башкармасынын 2006-жылдын 28-июнундагы N19/4 (*2023-жылдын 8-декабрындагы № 2023-П-12/76-1 токтому менен бекитилген акыркы редакциясы*) токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасындагы микрофинансылык уюмдардын ишине тышкы аудиттин жүргүзүлүшүнө карата минималдуу талаптар жөнүндө” жобо талаптарына ылайык жүргүздүк. Стандарттарга ылайык биздик жоопкерчилик корутундубуздун “Финансылык отчетко аудит үчүн аудиторлордун жоопкерчилиги” бөлүгүндө чагылдырылган. Биз Кесипкөй бухгалтерлердин эл аралык этика стандарттары боюнча кеңештин Кесипкөй бухгалтерлердин эл аралык этика кодексине (Көз карандысыз иш алып баруунун эл аралык стандарттарын кошо алганда) жана Кыргыз Республикасында финансылык отчетко аудит жүргүзүүгө карата колдонулган этикалык талаптарга ылайык жүргүзүп, ошол талаптарга жана жогоруда белгиленген кодекске ылайык, пикир билдирүү үчүн негиз болгондой жетиштүү жана ишенимдүү аудитордук далилдерди ала алдык деп ойлойбуз

**Компаниянын *жетекчилигинин жана корпоративдик башкарууга, финансылык отчетко жооп берген кызматкерлердин жоопкерчилиги***

Жетекчилик финансылык отчеттун Финансылык отчеттордун эл аралык стандарттарына ылайык даярдалышы жана сунушталышы, алгылыксыз иш-аракеттерге жана каталарга жол берүүнүн кесепетинен олуттуу бир бурмалоолорду камтыбаган финансылык отчеттун даярдалышы үчүн зарыл болгон ичтен контролдоо системасынын жөнгө

салынышы үчүн жоопкерчиликтүү болуп саналат.

Жетекчилик финансылык отчетту даярдоодо Компаниянын мындан ары да ишин үзгүлтүксүз улантып кетүүгө жөндөмдүүлүгүнө баа берүү, тиешелүү жагдайлар келип чыккан шартта иш үзгүлтүксүздүгү боюнча маалыматтардын чечмеленип берилиши, ошондой эле жетекчилик Компанияны жоюуга, анын ишин токтотууга ниеттенген же болбосо жоюу же ишти токтотуудан башка, айкын альтернатива жок болгон жагдайлардын келип чыгышын эске албаганда, үзгүлтүксүз иш ыргагына негизденген отчеттун түзүлүшү үчүн жоопкерчиликтүү.

Корпоративдик башкаруу үчүн жооп берген кызмат адамдары/жактар Компаниянын финансылык отчетунун даярдалышынын көзөмөлдүккө алынышы үчүн да жоопкерчиликтүү.

***Аудитордун финансылык отчетко аудит жүргүзүлүшү үчүн жоопкерчилиги***

Финансылык отчет алгылыксыз иш-аракеттерге жана каталарга жол берүүнүн кесепетинен олуттуу бир бурмалоолорду камтыбагандыгына ишенимде болуу жана биздин пикирди толук камтыган аудитордук корутундуну даярдоо биздин максат. Мында, толук ишенимде болуу дегенден улам, Аудиттин эл аралык стандарттарына ылайык жүргүзүлгөн аудит, эгерде алар орун алган болсо, олуттуу бурмалоолорду аныктоого толук ишенимде болуу дегенди түшүндүрөт, бирок ага кепилдик бере албайт. Бурмалоолор алгылыксыз иш-аракттерге же каталарга жол берүүнүн кесепетинен келип чыгып, финансылык отчеттун негизинде кабыл алынган экономикалык чечимдерге өз алдынча жана чогуусу менен таасир эте тургандыгын негизүү болжолдой алган шартта гана, аларды олуттуу катары кароого болот.

Аудиттин эл аралык стандарттарына ылайык жүргүзүлгөн аудиттик текшерүүнүн алкагында биз, кесипкөйлүк ой-пикирлерге таянуу менен аудит жүргүзүлгөн мезгил аралыгында кесипкөйлүк скептицизмди сактоого аракеттендик. Мындан тышкары төмөнкүлөрдү аткарабыз:

- алгылыксыз иш-аракеттерге жана каталарга жол берүүнүн кесепетинен финансылык отчетту олуттуу бурмалоолорго баруу тоблокелдигин аныктап, ага баа беребиз; орун алган мына ошондой тобокелдиктерди жөнгө салуучу аудитордук жол-жоболорду иштеп чыгып, ишке ашыруу аркылуу биздин ой-пикирди айкын билдирүү үчүн жетиштүү жана талаптагыдай негиз болгон аудитордук далилдерге ээ болобуз. Алгылыксыз иш-аракеттердин натыйжасына келип чыккан олуттуу бурмалоолорду аныктай албоо тобокелдиги, каталарга жол берүү кесепетинен келип чыккан тобокелдикке караганда алда канча кесепеттүү, анткени алгылыксыз иш алып баруу алдын ала келишип алуу, бурмалоо, ичтен контролдоо системасын этибарга албастан, маалыматтарды атайлап бурмалоо, жашырып коюу сыяктуу жагдайлар менен коштолот;
- Компаниянын ичтен контролдоо системасынын натыйжалуулугу боюнча пикир билдирүү үчүн эмес, иш жагдайын толук чечмелеп, айкын чагылдырган, аудит үчүн маанилүү болгон аудитордук жол-жоболорду иштеп чыгуу аркылуу ичтен контолдоо системасы түшүнүгүнө ээ болобуз;
- колдонулуп жаткан эсепке алуу саясатынын талаптагыдай мүнөзүнө, бухгалтердик баа берүүлөрдүн жана жетекчилик тарабынан сунушталган маалыматтардын талаптагыдай чечмелениши негиздүүлүгүнө баа беребиз;

- Компаниянын жетекчилигинин иш үзгүлтүксүздүгү боюнча жол берүүлөргө барышынын укук ченемдүүлүгү боюнча корутунду чыгарып, аудитордук далилдердин негизинде Компания өз ишин үзгүлтүксүз андан ары улантууга жөндөмдүү экендигине кыйла күмөн саноого түрткү берген жагдайдарга же шарттарга байланыштуу олуттуу бир белгисиздик орун алып жаткандыгы боюнча тыянак чыгарабыз. Белгисиздик жагдайы орун алып жактандыгы тууралуу тыянакка келе турган болсок, анда биз аудитордук корутундуда финансылык отчетто камтылган маалыматтардын талаптагыдай чечмелениши зарылчылыгын белгилөөгө, ал эми маалыматтардын чечмелениши талаптагыдай болбосо, пикирибизди модификациялоого (өзгөртүүгө) тийишпиз. Биздин корутунду, аудитордун тыянак чыгарган күнгө чейин эле алынган аудитордун далилдерге негизденет (таянат). Бирок, келечекте келип чыккан жагдайлар же шарттар Компания өз ишин улантууга кудуретсиз абалда калышына алып келиши ыктымал;
- бүтүндөй финансылык отчеттун сунушталышына, анын түзүмүнө жана маалыматтардын чечмеленишин кошо алганда, отчеттун маани-маңызына, ошондой эле кароого сунушталган финансылык отчетто чагылдырылган операциялар жана иш жагдайлары так чагылдырылганбы, ошого баа беребиз.

Биз аудиттин жүрүшүндө корпоративдик башкаруу үчүн жооп берген кызмат адамдары менен маалымат алмашуу жагында иш алып барып, башка маалыматтардан тышкары, пландаштырылган аудиттин көлөмү, мөөнөтү, аудит жыйынтыгы боюнча белгиленген олуттуу сын-пикирлер, анын ичинде аудит жүргүзүү процессинде аныкталган ички контролдоо системасындагы олуттуу кемчиликтер боюнча маалыматтар менен да аларды тааныштырабыз.

Компанияда корпоративдик башкаруу үчүн жооп берген кызмат адамдарына маалымдалган маселелердин ичинен, кароого алынган мезгил аралыгындагы финансылык отчетко аудит жүргүзүү үчүн эң эле маанилүү, демек, аудиттин негизги маселесинен болгондор боюнча да маалымат беребиз. Биз, ошол маселелерди ачык чечмелөө мыйзам же ченемдик актылар аркылуу тыюу салынган учурларды эске албаганда, бардык маселелерди аудитордук корутундуда чагылдырабыз. Өтө сейрек учурларда гана кайсыл бир маселе боюнча маалыматты корутундуда чагылдырууга болбой тургандыгын жана мындай маалыматты билдирүүнүн терс кесепети, аны маалымдоонун коомдук маанилүү пайдасынан да ашып кетиши ыктымал деген тыянак чыгарууга мажбур болобуз.

Армен Ванян
Директор/Өнөктөш
Аудитордун кесипкөйлүгүн
тастыктаган, 2016-жылдын 11-
июлунда берилген №0264 А
сериясындагы сертификаттын ээси

2025-жылдын 16-апрели
Бишкек

«Грант Торнтон» ЖЧКсы
Аудитордук ишти жүргүзүү укугун ыйгарыган лицензия.
Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Финансы рыногун жөнгө салуу жана көзөмөлдөө боюнча мамлекеттик кызмат, 2013 –жылдын 3-майы

## ТҮШКӨН ПАЙДА ЖЕ КЕТКЕН ЧЫГЫМ ЖАНА ЧОГУУ АЛГАНДАГЫ БАШКА КИРЕШЕ БОЮНЧА ОТЧЕТ

миң сом менен

| | Эскертүүлөр | 2024-жылдын 31-декабрында жыйынтыкталган жыл үчүн | 2023-жылдын 31-декабрында жыйынтыкталган жыл үчүн |
|---|---|---|---|
| Пайыздык жана ошондой эле башка кирешелер | 6 | 569,651 | 412,792 |
| Пайыздык жана ошондой эле башка чыгашалар | 6 | (220,220) | (139,743) |
| Таза пайыздык кирешелер | | 349,431 | 273,049 |
| Комиссиялык кирешелер | | 3,890 | 5,259 |
| Комиссиялык чыгашалар | | (3,326) | (2,728) |
| | | 564 | 2,531 |
| Соода операцияларынан таза чыгымдар | 7 | (20,506) | (16,062) |
| Жана башка кирешелер | 8 | 18,085 | 1,195 |
| Кредиттик чыгымдар боюнча камды калыбына келтирүү (түзүү) | 9 | (70,031) | (33,239) |
| Менчиктеги башка мүлктөр боюнча камды калыбына келтирүү | 17 | - | 2,174 |
| Персоналды күтүүгө кеткен сарптоолор | 10 | (143,512) | (110,511) |
| Негизги каражаттарды жана материалдык эмес активдерди амортизациялоо | 16 | (15,951) | (13,068) |
| Башка чыгашалар | 11 | (36,013) | (32,406) |
| **Салык алынганга чейинки пайда** | | 82,067 | 73,663 |
| Пайда салыгына чейинки чыгашалар | 12 | (8,435) | (8,776) |
| **Жыл ичинде алынган пайда** | | **73,632** | **64,887** |
| Жыл ичинде алынган башка чогуу алгандагы киреше | | - | - |
| **Жыйынтыгында, жыл ичиндеги чогуу алгандагы киреше** | | 73,632 | 64,887 |

Ч.А.Ниязбаев

Аткаруучу директордун милдетин аткаруучу

Ж.Ж.Жапарбекова

Башкы бухгалтер

Г. К.Бекжанова

Финансы менеджери

## ФИНАНСЫЛЫК АБАЛ БОЮНЧА ОТЧЕТ

| миң сом менен | Эскертүүлөр | 2024-жылдын 31-декабрына карата абал боюнча | 2023-жылдын 31-декабрына карата абал боюнча |
|---|---|---|---|
| ***Активдер*** | | | |
| Акча каражаттары жана алардын эквиваленттери | 13 | 28,997 | 51,813 |
| Туунду финансылык инструменттер | 14 | 9,647 | 5,309 |
| Кардарларга кредиттер жана аванс катары берилген каражаттар | 15 | 1,366,121 | 1,409,131 |
| Негизги каражаттар жана материалдык эмес активдер | 16 | 72,854 | 70,374 |
| Сатуу үчүн каралган узак мөөнөт колдонулган активдер | 17 | - | - |
| Башка активдер | 18 | 73,258 | 67,330 |
| **Жыйынтыгында, активдер** | | **1,550,877** | **1,603,957** |
| ***Милдеттенмелер жана өздүк капитал*** | | | |
| Финансы-кредит уюмдардан алынган карыздык каражаттар (насыялар) | 19 | 961,065 | 1,037,268 |
| Карызга алынган башка каражаттар | 20 | 12,254 | 41,225 |
| Пайда салыгы боюнча утурумдук милдеттенмелер | | 4,012 | 4,112 |
| Пайда салыгы боюнча кийинкиге калтырылган милдеттенмелер | 12 | 2,023 | 1,715 |
| Башка милдеттенмелер | 21 | 93,683 | 227,421 |
| **Жыйынтыгында, милдеттенмелер** | | **1,073,037** | **1,311,741** |
| ***Капитал*** | | | |
| Уставдык капитал | 22 | 404,208 | 224,700 |
| Бөлүштүрүлбөгөн пайда | | 73,632 | 67,516 |
| **Жыйынтыгында, капитал** | | **477,840** | **292,216** |
| **Жыйынтыгында, милдеттенмелер жана капитал** | | **1,550,877** | **1,603,957** |

Финансылык отчет 2025-жылдын 16-апрелинде бекитилген жана кол коюлган

Ч.А.Ниязбаев
Аткаруучу директордун милдетин аткаруучу

Ж.Ж.Жапарбекова
Башкы бухгалтер

Г. К.Бекжанова
Финансы менеджери

Grant Thornton

# КАПИТАЛДАГЫ ӨЗГӨРҮҮЛӨР ТУУРАЛУУ ОТЧЕТ

| миң сом менен | Уставдык капитал | Бөлүштүрүлбөгөн пайда | Жыйынтыгында |
|---|---|---|---|
| **2022-жылдын 31-декабрына карата калдык** | **224,700** | **35,258** | **259,958** |
| Уюштуруучуларга төлөнүп берилген дивиденддер | - | (32,629) | (32,629) |
| Менчик ээлери менен операциялар | - | (32,629) | (32,629) |
| Жыл ичинде алынган пайда | - | 64,887 | 64,887 |
| Бардыгы болуп, жыл ичиндеги чогуу алгандагы киреше | - | 64,887 | 64,887 |
| **2023-жылдын 31-декабрына карата калдык** | **224,700** | **67,516** | **292,216** |
| Капиталдын көбөйүүсү | 179,508 | - | 179,508 |
| Уюштуруучуларга төлөнүп берилген дивиденддер | - | (67,516) | (67,516) |
| Менчик ээлери менен операциялар | 179,508 | (67,516) | 111,992 |
| Жыл ичиндеги пайда | - | 73,632 | 73,632 |
| Бардыгы болуп, жыл ичиндеги чогуу алгандагы пайда | - | 73,632 | 73,632 |
| **2024-жылдын 31-декабрына карата калдык** | **404,208** | **73,632** | **477,840** |

Ч.А.Ниязбаев
Аткаруучу директордун милдетин аткаруучу

Ж.Ж.Жапарбекова
Башкы бухгалтер

Г. К.Бекжанова
Финансы менеджери

Grant Thornton

## АКЧА КАРАЖАТТАРЫНЫН ЖЫЛЫШЫ ЖӨНҮНДӨ ОТЧЕТ

| миң сом менен | 2024-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл үчүн | 2023-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл үчүн |
|---|---|---|
| **Операциялык иштен түшкөн акча каражаттары:** | | |
| Салык алынганга чейинки пайда | 82,067 | 73,663 |
| **Корректировкалоолор** | | |
| Негизги каражаттардын жана материалдык эмес активдердин эскилигинин жетиши | 15,951 | 13,068 |
| Негизги каражаттарды эсептен алып салуудан түшкөн пайда/(чыгым) | 1,200 | 3,154 |
| Алар боюнча пайыздар чегерилген активдердин баасынын түшүүсүнө камдагы (резерв) өзгөрүүлөр (жылыштар) | 70,031 | 33,239 |
| Башка активдерндин баасынын түшүүсүнө камдагы өзгөрүүлөр (жылыштар) | - | (2,174) |
| Активден пайдалануу укугу | (10,382) | (7,418) |
| Алууга каралган пайыздар | (5,186) | 9,482 |
| Төлөөгө каралган пайыздар | (5,859) | (24,917) |
| Операциялык активдер жана милдеттенмелер өзгөргөнгө чейин операциялык иштен акча каражаттарынын агылып кириши | 147,822 | 98,097 |
| *Операциялык активдердин өзгөрүүсү* | | |
| Туунду финансылык инструменттер | (4,338) | 10,169 |
| Кардарларга кредиттер жана аванс катары берилген каражаттар | (24,459) | (566,184) |
| Сатуу үчүн каралган узак мөөнөттүү активдер | - | 2,556 |
| Башка активдер | (5,928) | (57,642) |
| *Операциялык милдеттенмелердин өзгөрүүсү* | | |
| Башка милдеттенмелер | (131,161) | 13,870 |
| Салык алынганга чейин, операциялык иштен түшкөн акча каражаттарынын таза чыгымдалышы | (18,064) | (499,134) |
| Төлөнгөн пайда салыгы | (8,227) | (4,874) |
| Операциялык иштен түшкөн акча каражаттарынын таза чыгымдалышы | (26,291) | (504,008) |

| миң сом менен | 2024-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл үчүн | 2023-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл үчүн |
|---|---|---|
| **Инвестициялык иштен түшкөн акча каражаты** | | |
| Негизги каражаттарды жана материалдык эмес активдерди сатып алуу | (8,915) | (11,584) |
| Инвестициялык иштен түшкөн акча каражаттарынын таза чыгымдалышы | (8,915) | (11,584) |
| **Финансылык иштен түшкөн акча каражаттары** | | |
| Капиталды толуктоо боюнча милдеттенме | - | 21,418 |
| Капиталдын көбөйүүсү | 179,508 | - |
| Финансы-кредит уюмдарынан алынган карыздык каражаттар (насыялар) | (70,958) | 509,625 |
| Алынган башка карыздык каражаттар | (28,357) | 31,383 |
| Төлөнүп берилген дивиденттер | (67,516) | (32,629) |
| Финансылык иштен акча каражаттарынын таза агымы (түшүүсү) | 12,677 | 529,797 |
| Акча каражаттарынын жана алардын эквиваленттеринин таза көбөйүүсү/(азаюусу) | (22,529) | 14,205 |
| Жыл башына карата акча каражаттары жана алардын эквиваленттери | 51,813 | 37,540 |
| Күтүлүп жаткан кредиттик чыгымдардын өзгөрүшү | (287) | 68 |
| **Жыл акырына карата акча каражаттары жана алардын эквиваленттери** | **28,997** | **51,813** |

Ч.А.Ниязбаев
Аткаруучу директордун
милдетин аткаруучу

Ж.Ж.Жапарбекова
Башкы бухгалтер

Г. К.Бекжанова
Финансы менеджери

Финансылык отчет толугу менен Компаниянын Бишкек шаарынын Д.Шопоков атындагы көчө 99/1 дареги боюнча жайгашкан башкы кеңсесинен таанышууга болот.